DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Сайпидинова Б.А., Бабаева А.Д.*

# СТУДЕНТТЕРДИ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Сайпидинова Б.А., Бабаева А.Д.*

# ПРОБЛЕМЫ ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ СТУДЕНТОВ

*B.A. Saypidinova, A.D. Babaeva*

# PROBLEMS OF INTEGRATED STUDENT TRAINING

*УДК: 101.3.305*

*Макала студенттерди интеграциялык окутуунун негизги көйгөйлөрү жөнүндө жазылган. Анын негизинде интеграцияланган билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандырууну аныктоо жүргүзүлгөн. Интеграциялап окутуунун түшүнүктөрү берилген. Орто кесиптик окуу жайлардын студенттериинин маалыматтык-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу каражаттары катары интеграциялык окутуунун ишке ашыруу системалык, ишмердүүлүк жана интеграциялык ыкмалардын негизи аныкталды. Жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналардын циклдеринин предметтер аралык байланышынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен студенттерди көйгөйлүк-чыгармачылык иштерге тартуунун жолдору каралган. Автор тарабынан маселени изилдөөдө теориялык жана методологиялык ыкмалар көрсөтүлгөн. Макалада интеграцияны мүнөздөөчү аспекттери берилген. Андан башка интеграцияланган курсту пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Колледждин студенттеринин интеграциялык курстун мазмунун структуралаштыруу жана келечектүү байланыштарын орноштурулушун этаптары ишке ашырылган.*

***Негизги сөздөр:*** *интеграциялык окутуу, студенттер, предметтер аралык, компетентүүлүк, окуу жай, окуу процесси, компоненттер.*

*В статье рассматриваются основные проблемы интегрированного обучения студентов. Исходя из этого, были выявлены возможности в формировании информационно-коммуникационных компетенций учащихся средних профессиональных учебных заведений. Представлены понятие об интеграционном обучении. Выявлены основы системного, функционального и комплексного подходов к реализации интегрированного обучения как средства формирования информационно-коммуникативной компетентности студентов средних профессиональных учебных заведений. Рассмотрены способы вовлечения студентов в проблемную творческую работу, используя возможности междисциплинарного общения циклов общепрофессиональных и специальных дисциплин. Автор предлагает теоретические и методологические подходы к изучению проблемы. В статье представлены аспекты, характеризующие интеграцию. Кроме того, представлены возможности использования интегрированного курса. Были реализованы этапы структурирования содержания интеграционного курса студентов колледжа и установления перспективных отношений.*

***Ключевые слова:*** *интегрированное обучение, студенты, межпредметные связи, компетентность, учебное заведение, учебный процесс, компоненты.*

*The article deals with the main problems of integrated student learning. Based on this, opportunities were identified in the formation of information and communication competencies of students of secondary vocational educational institutions. The concept of integrative learning is presented. The foundations of the systemic, functional and integrated approaches to the implementation of integrated education as a means of forming information and communicative competence of students of secondary vocational educational institutions are revealed. The ways of involving students in problematic creative work are considered, using the possibilities of interdisciplinary communication of cycles of general professional and special disciplines. The author offers theoretical and methodological approaches to the study of the problem. The article presents aspects characterizing integration. In addition, the possibilities of using the integrated course are presented. The stages of structuring the content of the integration course of college students and establishing promising relationships were implemented.*

***Key words****: integrated learning, students, interdisciplinary connections, competence, educational institution, learning process, components.*

Орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин кесиптик даярдоодо интеграциялык окутуу көйгөйү актуалдуу болуп жатат. Маалыматтык- өнүгүү деңгээлинин компетенттүүлүгүн калыптандырууну жогорулатуу муктаждыгы менен шартталууда. Билим берүү процессинде бар болгон салттуу формалары менен бирге эле окутуунун инновациялык формаларын атап айтканда, орто кесиптик окуу жайлардын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн интеграциялык окутууну колдонуу зарыл.

Биздин изилдөөнүн көйгөйлөрүнүн контекстинде педагогикалык интеграция, билим берүүнүн өз ара алмашуусунун процесси жана натыйжасы, билимдердин синтезинин өз ара байланышынын жана ишмердүүлүктүн түрлөрү анын ыкмалары катары аныкталган. Адабияттарды анализдөөдө интеграцияны мүнөздөөчү аспекттерин бөлүп чыгарууга мүмкүнчүлүк берет:

- элементтерди бириктирип, айрым негиздери болушу;
- ар тараптуу бөлүнүп кеткен элементтердин ортосунда байланыштарды түзүү;
- бул байланыштардын өз ара көз карандылыгы мүнөзүнүн пайда болушу;
- бүтүндүгүн, биримдигин, жыйындысынын касиеттерине ээ болгон жаңы системаны түзүү;
- кайрадан жаңы түзүлгөн системанын жана сапаттуу жаңы интеграцияланган элементтердин өздөрүнүн пайда болушу, "интеграциялык касиеттер" башкача айтканда интеграция процессинде түздөнтүз пайда болуучу касиеттер;

Калыптанган тутумдун такай өзгөрүшү жана өнүгүшү, эмнеден улам анын элементтеринин өз ара аракеттеринин интенсивдүүлүгү жогорулайт.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр, интеграциялап окутууну кароо менен педагогикалык интеграция менен байланыштырышат жана ал студенттердин өз алдынчалыгын, таанып-билүү активдүүлүгүн жана кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизет деп белгилешет. Алар интеграциялык окутууда идеялардын жана принциптердин окшоштугу жакшыраак байкалат деп божомолдошот, анткени, бул учурда ар кандай тармактарда алган билимдерди ошол эле учурда колдонуунун мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Ушуга байланыштуу, критикалык ойлонууга жана илимий-изилдөө ыкмаларын колдонуу менен окуу-кесиптик кырдаалдарды чечүү үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү өнүгүп, окутуу мотивациясы жогорулайт [1, 46-б.].

С.В. Васильева интеграциялап окутуу бул жөнөкөй бир билимдерди башкасына которуу эмес, заманбап илимдин интеграция тенденцияларын чагылдырган, дидактикалык эквиваленттерин түзүү процесси, ошондой эле студенттерди өнүктүрүүдө зор мааниси бар экендигин баса белгилейт [2, 400-б.]. Анын изилдөөлөрүнө таянып, окутуунун интеграциялык процессинин үч тарабын бөлүп кароого болот:

- интеграция окутуунун максаты катары, бул интеграциялап окутууну студенттерде өзүнүн кесиптик иши жөнүндө бүткүл түшүнүктөрү жаратууга өбөлгө түзүүчү аспектти божомолдоого мүмкүндүк берет;

- окутуунун каражаты катары интеграциялоо, бул интеграцияланган окутуу предметтик билимдерди жакындаштыруунун платформасын табууга мүмкүндүк берет;

- интеграциялоо студенттердин жалпыланган жөндөмдөрүн, кесиптик билим системасын өнүгүү каражаты катары калыптандырууга багытталган.

Биздин изилдөөнүн алкагында, интеграциянын алдында, педагогикалык көрүнүш катары, процессти жана бири-бирине шайкеш келүүнүн натыйжасын, билимдердин өз ара байланышын жана синтезин, ыкмаларды жана ишмердүүлүктүн түрлөрүн түшүнүп турабыз. Бул процесс билим берүүнүн мазмунун ар түрдүү окуу дисциплиналар боюнча окуу-тарбиялык милдеттерди эске алуу менен куруу, тандоо жана материалды структуралоо, формаларын тандоо, окутуунун каражаттарын жана методдорун, өз ара макулдаштыгын болжолдоп, билим берүүнүн жалпы максаттары катары аныкталат.

Кесиптик орто билим берүү окуу жайларында окуган студенттердин кесиптик даярдоо контекстинде, изилдөө объектиси катары келип чыккан төмөндөгүдөй категориялар, "интеграция", "предметтер аралык байланыштар", “интеграциялык мамиле”, жөнүндө жүргүзүлгөн талдоо жана таблицалардагы маалыматтар акыркы он жылда көптөгөн изилдөөлөр ишке ашкандыгы жөнүндө күбөлөндүрөт. Бирок, бул процессти изилдөөгө болгон мамилелердин көп түрдүү экенине карабастан, колледждин студенттеринин интеграцияланган окутуу маселеси боюнча маалыматтык окутууда каралган. Студенттеринин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери кээ бир изилдөөлөрдө өзүнүн чагылдыруусун толук изилдеп ачкан жок.

Студенттеринин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун каражаты катары интеграцияланган окутуу маселесин иликтөөдөгү маанилүү орунду илимий журналдарда дайыма жарыяланууучу макалалар да ээлейт. Изилденип жаткан көйгөйдүн азыркы абалын аныктоо максатында, биз акыркы жылдары басылып чыккан, алдыңкы илимий журналдарда билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн чагылдырган макалалардын анализин жүргүздүк.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Жарыяланган макалалардын талдоосу, билим берүүдөгү интеграциялоонун теориялык жана практикалык аспектилерин ачып көрсөткөн маселелерге, көп сандагы иштер арналгандыгын көрсөттү.

Бул интеграцияланган окууга жана аны ишке ашыруу жолдорун издөөгө кызыгуу жогорулашы жөнүндө айтып турат, бирок, биздин изилдөөнүн маселесине ылайык, публикациялардын саны аз гана. Биз үчүн зор кызыгуу билдирген кээ бир макалаларга токтолобуз. А.П. Беляеванын “Кесиптик билим берүү системасын өнүктүрүү” макаласында айтылган өзгөчө пикирин белгилейбиз, азыркы мезгил “кызматкердин өзгөчө стандарттык тибин – социалдык-кесиптик ишмердүүлүктүн субёектин, оргиналдуу, активдүү инсанды жана индивидуалдуулугун” калыптандырат.

Н.И. Беляева мындай типтеги адисти калыптандыруудагы милдеттеринин бири болуп, билим берүүнү интеграциялоо стандарттарын кайра карап чыгуу деңгээлинде, өтө талап кылынган адистиктердин кесиптик-квалификациялык талаптарын аныктайт. Ошондой эле окутуу процессин өзүн куруу, принциптүү жаңы окуу-методикалык жана илимий жактан камсыз кылуу деп белгилейт [3, 25-б.]

Бир катар изилдөөлөрдө окуу модулдары, интеграцияланган курстар, интеграцияланган билим берүү чөйрөсү сыяктуу иш формалары сунуш кылынат. Мисалы, окуу модулдары бири-бири менен органикалык түрдө байланышкан ар түрдүү окуу сабактардын курстардын бөлүктөрүн билдирет. Ар бир модуль кандайдыр бир окуу дисциплинанын негизинде түзүлүп, аны менен бирге аралаш дисциплиналардын материалын колдонуу менен анын логикасын сактайт. О.В. Раецкаянын эмгегинде окуу модулдарынын максатка ылайыктуулугу жана билим берүү процессине оң таасири чечмеленет. Автор, окуу модулдарын изилдөөнүн натыйжасында сунушталган сабактарды “студенттер өздөштүрүү зарылдыгын түшүнөт”, ошондой эле "аларды өзүнүн келечектеги өндүрүштүк ишинде колдонууну", бул жалпысынан "квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт" деп белгилейт [4, 50-б.].

Ошондуктан, педагогикалык интеграциянын олуттуу тараптарынын бири болуп студенттин бардык иш чөйрөлөрүнүн комплекстүүлүгү жана системдүүлүгү менен коштогон бири-бирине шайкеш келүүчүлүгү жана бири-бирин байытуучулугу болуп саналат. Мында интеграция ар кандай функцияларды аткарышы мүмкүн: методологиялык, өнүктүрүүчү жана технологиялык [5, 57-б.]. Методологиялык милдети компоненттери аркылуу айтылат: педагогикалык процесстин катышуучуларынын дүйнө тааным-аксиологиялык, интеллектуалдык-руханий байытуунун каражаты катары кызмат кылуу; окуу иштери аркылуу билим берүү процессин жүзөгө ашырууга багытталган инструменттик атайын түрдө уюштурулган.

Жүргүзүлгөн талдоо интеграцияланган окутууну жүзөгө ашыруу маселелерине көптөгөн жарыялоолорго арналгандыгын көрсөттү; ошондой эле эмгек рыногунда талап кылынган заманбап адистерди даярдоо максатында компетенттүүлүктү калыптандыруу зарылчылыгы ачылат. Бирок, атайын орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин, кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун каражаты катары интеграциялык билим берүү маселеси дээрлик чагылдырылбагандыгын күбөлөндүрөт.

Бүгүнкү күндө адистерди даярдоо процессинде окутуунун интеграцияланган мазмуну жана аны баяндоо методикасы кыйла актуалдуу болуп саналат. Бул маселенин актуалдуулугу, илим чөйрөсүндө, өндүрүштө жана жалпы коомдогу өзгөрүүлөр болуп, өсүп келе жаткан муунду окутууда өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын шарттайт.

Студенттердин маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу каражаты катары интеграциялык окутуу процессти орто кесиптик окуу жайлардын практикасында уюштуруу болуп саналат. Бул үчүн, биз мамлекеттик билим берүү стандартын, жумушчу программаларды жана орто кесиптик окуу жайлардын мугалимдердин календардык тематикалык жана ошондой эле окуу китептерин жана окуу куралдарын талдоого алынган. Колледждин студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу милдети билим алуунун системалуулука багытталууну, билимдерин тереңдетүүгө жана жалпылоого, ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө, стандарттык эмес жагдайларда аракеттенүүгө алган билимди практикада колдоно билүүнү талап кылат. Бул милдетти чечүү, биз тараптан тиешелүү аймакта дисциплинаны интеграциялоонун контекстинде “Кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы информациялык технологиялар” башка дисциплиналар менен жалпы кесиптик жана атайын циклдердин интеграцияланган курсун куруу, мында предметтик аралык мүнөздү чагылдырган окуу материалдардын мазмунун жана сабактарды тандап алуу, ар кандай деңгээлде жана ар кандай багыттарда предметтер аралык интеграцияны толук түрдө чагылдыруу менен каралат.

Интеграцияланган курсту пайдалануу төмөндөгүлөргө мүмкүндүк берет деп ишенебиз:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



– студенттердин жалпы кесиптик жана атайын циклдердин дисциплиналарын терең өздөштүрүүсүн камсыз кылуу үчүн билимдин ар кандай элементтеринин ортосундагы байланышты орнотуу, кесиптик ишмердиги жөнүндө аларда азыркы учурдагы заманбап түшүнүктөрдү калыптандыруу;

– чектеш дисциплиналарды үйрөнүү жана кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү болгон комплекстүү билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу;

– тандалып алынган адистиктин дисциплиналарын окууга болгон кызыкчылыкты колдоо;

– студентти кесиптик милдеттерин өз алдынча чечүүгө багыттоо, өзүнүн маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн үзгүлтүксүз өркүндөтүү.

Колледж студенттерине алардын ар бири билимдин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн татаал системасы болуп саналган, ар түрдүү сабактардын кыйла көп санын окуп үйрөнүүгө туура келет. Дисциплиналардын компоненттеринин ортосундагы байланыштар ар түрдүү жана алар орнотулуп жаткан элементтердин мазмунуна жараша болот. Өз ара байланыштарды интеграциялык процесс сыяктуу күчөтүү, кандайдыр бир өз алдынча тармактардагы билимдердин же практикалык милдеттердин жалпы методдорун чечүү үчүн жалпы теориялык концепцияларды түзүүнүн натыйжасында жүрүп жатат.

Биринчи учурда интеграция билимдин теоретизациясы жана фундаментализациясында, ал эми экинчисинде - алардын практикалык мүнөзүн бекемдөөдө байкалат [6, 98-б.].

Ошентип, билимдерди бириктирүү жаңы теориялык жана практикалык натыйжаларга, жалпысынан, колледждин студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүк деңгээлин жогорулатууга алып келиши мүмкүн.

Билим берүү стандартын талдоодо көрсөткөндөй, орто кесиптик окуу жайларда окуган болочоктогу адистин эң негизги маанилүү кесиптик мүнөздөмөлөрү кең ойлонууга ээ болушу керек. Системалык ой жүгүртүү, турмуштагы кубулуштарга түшүнүү жөндөмдүүлүгү, кесиптик кырдаалдарда аң-сезимдүү аракеттер, кесиптик иш тармагында маселелерди өз алдынча жана натыйжалуу чечүүгө жөндөмдүүлүк болушу зарыл. Өзүн-өзү өркүндөтүүгө туруктуу умтулуу, чыгармачылыгын ишке ашыруу ж.б., башкача айтканда маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу келечектеги адистин интеграциялык сапаты катары болжолдонууда.

Белгилей кетчү нерсе, базистик окуу планы орто кесиптик билим берүү үчүн мекемелери жана мамлекеттик билим берүү стандарты интеграцияланган окуу предметтерин колдонуу мүмкүндүгүн ошондой эле дисциплиналар аралык курстардын биригүүсүн аныкташат.

Биздин изилдөөнүн алкагында “Маалыматтык технологиялар кесиптик ишмердүүлүктө” жана жалпы кесиптик атайын циклдык дисциплиналар ортосунда предметтер аралык интеграциянын ишке ашылуусуна кызыкчылык туудурат. Дисциплиналардын мазмунунун талдоосу көрсөткөндөй, окуу процессинде интеграциялык байланыштарды ишке ашыруу үчүн өбөлгөлөр бар. Биринчиден, жалпы кесиптик жана атайын сабактар боюнча көпчүлүк темаларды маалымат технологияларын практикалык колдонуу мисал үчүн натыйжалуу колдонсо болот, бул жараян окуу-методикалык материалдарды тереңирээк жана түшүнүктүүрөөк окууга өбөлгө түзөт. Экинчиден, "Маалыматтык технологиялар кесиптик ишмердүүлүктө", курсунда аныкталган айрым түшүнүктөр жана фактыларга негиз боло алат. Үчүнчүдөн, каралып жаткан курсту иликтөөдө андан ары окутуу үчүн зарыл болгон билимдер бекемделиши жана билгичтиктердин иштелип чыгуусу ишке ашат.

Интеграциялык курстун мазмунун структуралаштыруу жана келечектүү байланыштарын орноштурулушун биз бир нече этап боюнча ишке ашырдык:

- интеграцияланган курстун окуу материалынын мазмунун тандоо жалпы кесиптик жана атайын сабактардын мазмунун окуу программаларына талдоо жүргүзүү жолу менен “медайым иши” адистиги үчүн;

- сабактар аралык байланыштарды темаларды аныктоо жана ар бир интеграциялык предметтик аймактарда (темалар, бөлүмдөр, фактылар, түшүнүктөр, мыйзамдар ж.б.) түзүмдүк элементтерди чечүү аркылуу орнотуу;

- билимдердин бүтүндүгүнө ээ болууга багытталган, окуу сабактарды окутуунун формаларын жана методдорун аныктоо, студенттердин келечектеги информатика жана эсептөөчү техника жаатындагы адис катары инсандыгын ачууга багытталган, көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандыруу.

Белгилей кетсек, интеграцияланган окутуунун негизги максаты-колледждин студенттеринин маалыматтык-кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу. Ошондуктан, билим берүү процесси интеграцияланган окутуу студенттердин ар тараптуу, комплекстүү, илимий көз караштардын тигил же бул мыйзамдарынын бирдиктүү системасын, алардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн предметин түзүүчү, кубулуштардын, касиеттеринин, өз ара таасир этүүнүн негизинде, ар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



түрдүү окуу дисциплиналар мазмунунун бири – бири менен байланышынын негизинде, максатка багытталган калыптануусу катары каралышы керек деген тыянак чыгарсак болот.

**Адабияттар:**


1. Иванов В.Г., Иванова Т.А. Междисциплинарные связи в образовательном процессе // Среднее профессиональное образование. 2000. - №12. - С. 44-46.
2. Васильева С.В. Интегрированная технология процесса обучения студентов педагогических вузов. - М., 2000. - С. 460.
3. Беляева Н.И. Перспективы и возможности курса информатики. - М., 1996. №4. - С. 24-27.
4. Раецкая О.В. Гуманизация курса ОИВТ. - М., 1998. - №6. - С. 47-50.
5. Коротеева Е., Беляев А. Обучение, компьютеры, Internet ... // Компьютер-пресс. 1997. №9. - С. 56-59.
6. Мухаметзянова Г.В. Гуманитаризация – ключевая идея преодоления кризиса образования. - Казань: ИСПО РАО, 1998. - 104 с.